**Ноокат шаардык кеңеши**

**ТОКТОМ №1**
**Ноокат шаардык кеңешинин VII чакырылышынын кезектеги XV сессиясы**

**Ноокат шаары** **25-декабрь 2025-жыл**

**Ноокат шаарынын муниципалдык менчигиндеги курулушу аяктай элек коммерциялык обьектти инвестициялык ижарага бер ууго макулдук берүү жана ишке ашыруу тартибин аныктоо жөнүндө**

Ноокат шаарынын муниципалдык менчигиндеги курулушу аяктай элек имаратты жеке инвестициялардын эсебинен бүтүрүү, аны экономикалык жүгүртүүгө киргизүү жана узак мооноттүү негизде шаардык бюджетке киреше алып келүү тууралуу Ноокат шаарынын мэриясынын сунушунун негизинде Ноокат шаардык кенешинин Муниципиалдык менчик, өнөр жай, курулуш, экология, архитектура, тарнспорт, агрардык маселелер жана энергетика боюнча туруктуу комиссиясынын тактамасына ылайык, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү", "КР Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндөгү", КР Жергиликтүү өз алдынча башкаруу боюнча ченемдик укуктук актыларынын 4-главасындагы Жергиликтүү кеңештердин ишинин уюштуруучулук-укуктук негиздери боюнча 34-беренесинин 2-пунктунун 5-бөлүмчөсүнө ылайык, Ноокат шаардык кеңешинин регламентинин талаптарын эске алып, Ноокат шаардык кеңешинин отуруму **т о к т о м к ы л а т:**

1. Ноокат шаарынын муниципалдык менчигинде турган, Ош облусу, Ноокат району, Ноокат шаары, О. Солтобаев көчөсү №1 дарегинде жайгашкан, идентификациялык коду **5051500200103**, жалпы аянты **9785,67 м²**, ага тиешелүү **0,22 га жер тилкеси менен** курулушу аяктай элек 7 кабаттуу коммерциялык объектти экономикалык жүгүртүүгө киргизүү максатында түз инвестициялык келишим аркылуу **49 (кырк тогуз) жылдык мөөнөткө ижарага берүүгө макулдук берилсин.**

Ноокат шаарынын мэри А.Р.Абдибаевге
Инвестициялык ижараны негизги жүзөгө ашыруу шарттарын аныктоо;
инвестициянын минималдуу көлөмүн белгилөө;
көз карандысыз баалоо жүргүзүү;
инвесторду аныктоо жана сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү
маалыматтык-финансы экономикалык негиздемелер менен инвестициялык ижара келишиминин долбоорун иштеп чыгып шаардык кенешке бекитүү үчүн сунуштоо жагы жүктөлсүн.

2. Токтомдун аткарылышын козомолдоо жагы Ноокат шаардык кенешинии Муинципиалдык менчик, онор жай, курулуш, экология, архитектура, тарнспорт. агрардык масельдер жана энергетика боюнча туруктуу комиссиясынын тактамасына

**Төрага** **М.Эгембердиев**

**Ноокат шаардык кеңеши**

**ТОКТОМ № 2**
**Ноокат шаардык кеңешинин VII чакырылышынын кезектеги XV сессиясы**

**Ноокат шаары** **25-декабрь 2025-жыл**

**Ноокат шаарынын мэриясынын алдындагы "Ноокат Тазалык" муниципиалдык ишканасына жана "Ноокат Жылуулук камсыздоо" муниципалдык ишканасына 2025-жылдын бюджетинен жыл ичинде үнөмдөлгөн каражаттарынын эсебинен акча каражатын ажыратып берүү жөнүндө**

"Ноокат Тазалык" муниципиалдык ишканасынын полигонун иретке келтирүү максатында жана "Ноокат Жылуулук камсыздоо" муниципиалдык ишканасына "Курманжан Датка" балдар бакчасына жылылуулукту жеткирүү үчүн керектүү утурумдук материалдарды алуу үчүн жана Самиев атындагы орто мектебинин жылытуу системасына керектелүүчү утурумдук материалдарды алуу үчүн 2025-жылдын бюджетинен жыл ичинде үнөмдөлгөн каражаттарынын эсебинен акча каражаттарын ажыратып берүү жөнүндөгү, Ноокат шаардык кенешинин бюджет, экономика, финансы, соода, инвестициялар, ишкердик жүргүзүү жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясынын берген тактамасынын негизинде "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 31-беренесине ылайык,Ноокат шаардык кеңешинин отуруму **т о к т о м к ы л а т:**

1. Ноокат шаар мэриясынын бюджетинин 2025-жылдын бюджетинен жыл ичинде үнөмдөлгөн акча каражаты эсебинен

-"Ноокат Тазалык" муниципиалдык ишканасынын полигонун иретке келтирүүго 220311 (Эки жүз жыйырма миң үч жүз он бир) сом

- "Ноокат Жылуулук камсыздоо" муниципалдык ишканасына, "Курманжан Датка" балдар бакчасына жылылуулукту жеткирүү үчүн керектүү утурумдук материалдарды алууга 275.000 (эки жүз жетимиш беш мин) сом,

"Ноокат Жылуулук камсыздоо" муниципалдык ишканасына, Самиев атындагы орто мектебинин жылытуу системасына керектелүүчү утурумдук материалдарды алуу үчүн 35.000 (Отуз беш миң) сом акча каражаты ажыратылып берилсин.

2. Токтомдун,аткарылышын козомолдоо Ноокат шаардык кенешинин бюджет, экономики, финансы, соода, инвестициялар, ишкердик жүргүзүү жана тышкы экономикалык байлапаштар боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М.Эгембердиев**

**Ноокат шаардык кеңеши**

**ТОКТОМ №3**
**Ноокат шаардык кеңешинин VII чакырылышынын кезектеги XV сессиясы**

**Ноокат шаары** **25-декабрь 2025-жыл**

**Ноокат Жылуулук камсыздоо" муниципалдык ишканасынын 2025-2026-жылдын күз-кыш мезгилине жеке менчик үйлөргө жана социалдык мекеме ишканаларга жылуулук берүү тарифтерин бекитүү жөнүндө**

Ноокат шаарына караштуу "Ноокат Жылуулук камсыздоо" Муниципиалдык ишканасынын 2025-2026-жылдын күз-кыш мезгилине жеке менчик үйлөргө жана социалдык мекеме ишканаларга берилүүчү жылуулук тарифтерин бекитүү жөнүндө, Кыргыз Республикасынын отун энергетикалык комплексии жонго салуу департаментинин 30-май 2025-жылдын №105 Буйругуна негиз, Кыргыз Республикасынын жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү оз алдынча башкаруу органдары мыйзамынын 34-беренесине ылайык, Ноокат шаардык кеңешинин муниципиалдык менчик, өнөр жай, курулуш, экология, архитектура, транспорт, агрардык маселелер жана энергетика боюнча туруктуу комиссиясынын берген тактамасына карап, Ноокат шаардык кеңешинин отуруму **т о к т о м к ы л а т :**

1. "Ноокат Жылуулук камсыздоо" Муниципиалдык ишканасынын 2025-2026-жылдын күз-кыш мезгилине жеке менчик үйлөргө берилүүчү жылуулук 1 г/кал. тариф 1950 (Бир мин тогуз жүз элүү) сомго
2. Юридикалык жактар үчүн социалдык жана бюджеттик мекеме-ишканалар, коммэрциялык багттагы иш жүргүзүүчүлөр үчүн 1 г/кал. Тариф 5998 сом. 17 тыйын (Беш мин тогуз жүз токсон сегиз сом, он жети тыйын)
3. Бекитилген тарифтерди колдонуу менен кызмат көрсөтүү уюштурулсун;

-Калкка жана керектөөчүлөргө тарифтер тууралуу өз убагында маалымдоо камсыз кылынсын

4.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Ноокат шаардык кенешинин муниципиалдык менчик, өнөр жай, курулуш, экология, архитектура, транспорт, агрардык маселелер жана энергетика боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М.Эгембердиев**

**Ноокат шаардык кеңеши**

**ТОКТОМ №4**
**Ноокат шаардык кеңешинин VII чакырылышынын кезектеги XV сессиясы**

**Ноокат шаары** **25-декабрь 2025-жыл**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2025-жылдын 19-августундагы №502 токтому "Кыргыз Республикасынын көрүстөндөрүндө көмүү жайларын брондоо тартибин бекитүү жөнүндө" жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өз чечимдерин токтомго ылайык киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2025-жылдын 19-августундагы №502 токтому "Кыргыз Республикасынын көрүстөндөрүндө көмүү жайларын брондоо тартибин бекитүү жөнүндөгү, Кыргыз Республикасынын Конституциясына, "Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жонундо" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13,17-беренелерине,Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34-беренесине ылайык, Ноокат шаардык кеңешинин муниципиалдык менчик, өнөр жай, курулуш, экология, архитектура, транспорт. агрардык маселелер жана энергетика боюнча туруктуу комиссиясынын берген тактамасына ылайык, Ноокат шаардык кеңеши **т о к т о м к ы л а т:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 19-августундагы №502 «Кыргыз Республикасынын көрүстөндөрүндө көмүү жайларын брондоо тартибин бекитүү жөнүндөгү» токтомуна ылайык:

-Ноокат шаардык кеңешинин токтому менен Расымдык кызмат көрсөтүү кызматын уюштуруп, ачуу жагы сунушталсын

-Ноокат шаарынын мэриясынын алдындагы Расымдык кызмат көрсөтүү кызматына Жобонун талаптарын аткаруу жагы жүктөлсүн

2. Райондун аймагында расымдык кызмат көрсөтүү кызматы түзүлө электигин жана көмүү жайларын алдын-ала брондоо тажрыйбасы буга чейин колдонулбагандыгы, Ноокат шаарынын аймагында жергиликтүү калктын тутунган расмый шартына жараша кабыл алынсын

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Ноокат шаардык кенешинин муниципиалдык менчик, өнөр жай, курулуш экология, архитектура, транспорт, агрардык маселелер жана энергетика боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М.Эгембердиев**

**Ноокат шаардык кеңеши**
**ТОКТОМ №5**

**Ноокат шаардык кеңешинин VII чакырылышынын кезектеги XV сессиясы**

**Ноокат шаары** **25-декабрь 2025-жыл**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2025-жылдын 19-августундагы №502 токтому "Кыргыз Республикасынын көрүстөндөрүндө көмүү жайларын брондоо тартибин бекитүү жөнүндө" жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өз чечимдерин токтомго ылайык киргизүү жөнүндө**

Административдик-аймактык реформанын алкагында Ноокат шаарын кеңейтүү жөнүндө, Ноокат шаарынын калкынын санынын өсүшү, шаардык инфраструктуранын жүктөмүнүн жогорулашы, шаарга чектеш аймактардын социалдык-экономикалык жактан тыгыз байланышта болушу, ошондой эле административдик-аймактык реформаны (АТР) ишке ашыруу зарылдыгын эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Кыргыз Республикасынын жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү оз алдынча башкаруу органдары жөнүндө мыйзамынын 34-беренесине негиз, Ноокат шаардык кенешинин муниципиалдык менчик, өнөр жай, курулуш, экология, архитектура, транспорт, агрардык маселелер жана энергетика боюнча туруктуу комиссиясынын тактамасына ылайык, Ноокат шаардык кеңеши **т о к т о м  к ы л а т:**

1. Административдик-аймактык реформанын алкагында Ноокат шаарын кеңейтүү маселеси негиздүү жана актуалдуу деп табылсын.

2. Ноокат шаарынын учурдагы административдик чек араларына чектеш жайгашкан жана шаар менен социалдык-экономикалык, транспорттук жана инженердик жактан тыгыз байланышта болгон аймактарды Ноокат шаарынын аймагына кошуу маселеси принципиалдуу түрдө колдоого алынсын.

3. Ноокат шаардык кенешинин ушул чечиминин негизинде, Ноокат шаарынын аймагын кеңейтүү боюнча сунушту белгиленген тартипте Ноокат райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы акимге жана андан ары жогорку мамлекеттик органдарга киргизүү үчүн жолдомо берилсин.

4. Ноокат шаарынын мэриясына:

- шаарды кеңейтүү боюнча негиздемелик материалдарды даярдоо;

- кошулуучу аймактардын алдын ала чек араларын аныктоо;

- тиешелүү мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен макулдашууларды жүргүзүү;

- коомдук талкууларды уюштуруу тапшырылсын.

5. Ноокат райондук мамлекеттик администрациясынан (акимден) ушул маселе боюнча белгиленген тартипте колдоо көрсөтүү жана жогорку мамлекеттик органдарга сунуш киргизүү суралсын.

6. Бул чечим расмий кабыл алынган күндөн тартып күчүнө кирет.

7. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Ноокат шаардык кенешинин муниципиалдык менчик, өнөр жай, курулуш, экология, архитектура, транспорт, агрардык маселелер жана энергетика боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М.Эгембердиев**

**Ноокат шаардык кеңеши**
**ТОКТОМ №6**

**Ноокат шаардык кеңешинин VII чакырылышынын кезектеги XV сессиясы**

**Ноокат шаары** **25-декабрь 2025-жыл**

**"Ноокат Тазалык" муниципалдык ишканасынын турмуш тиричиликтин калдыктарынын ташып чыгуу үчүн нормалырын жана кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифтерин бекитүү жөнүндө**

"Ноокат Тазалык" муниципалдык ишканасынын турмуш тиричиликтин калдыктарынын ташып чыгуу үчүн нормалырын жана кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифтерин бекитүү жөнүндө, Кыргыз Республикасынын жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзам актыларына ылайык, Ноокат шаардык кеңешинин муниципиалдык менчик, өнөр жай, курулуш, экология, архитектура, транспорт, агрардык маселелер жана энергетика боюнча туруктуу комиссиясынын берген тактамасына ылайык, Ноокат шаардык кенешинин отуруму **т о к т о м к ы л а т:**

1. "Ноокат Тазалык" муниципалдык ишканасы тарабынан каттык турмуш тиричиликтин калдыкатрын ташып чыгуу үчүн нормалары бекитилсин.

2. "Ноокат Тазалык" муниципиалдык ишканасы тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтардын тарифтери бекитилсин.

3. Бекитилген нормалар жана тарифтер 2026-жылдын 1-январынан баштап колдонууга алынсын.

4. "Ноокат Тазалык" муниципиалдык ишканасына калкка жана юридикалык жактарга норма жана тарифтер жөнүндө маалымдоону камсыз кылуу тапшырылсын.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Ноокат шаардык кенешинин, Муниципиалдык менчик, өнөр жай, курулуш, экология, архитектура, транспорт, агрардык маселелер жана энергетика боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын

**Төрага** **М.Эгембердиев**